ForexClub

Акыркы жаңыртуу: 07.08.2023

# ТОБОКЕЛДИКТЕР ЖӨНҮНДӨ БИЛДИРМЕ

FOREX CLUB INTERNATIONAL LLC

**МАЗМУНУ:**

1. КИРИШҮҮ....3
2. CFD МЕНЕН БАЙЛАНЫШКАН ТОБОКЕЛДИКТЕР ....4
3. ТЕХНИКАЛЫК ТОБОКЕЛДИКТЕР....4
4. БАШКА ТОБОКЕЛДИКТЕР ....5

## 1. КИРИШҮҮ

**1.1.** Бул документтин максаты FOREX CLUB INTERNATIONAL LLC Кардарына каржы рынокторундагы операцияларга байланыштуу потенциалдуу тобокелдиктер жөнүндө маалымат берүү жана Кардарга бул тобокелдиктерге байланыштуу мүмкүн болуучу каржы жоготуулары жөнүндө эскертүү болуп саналат.

**1.2.** Бул документ FOREX CLUB INTERNATIONAL LLC Кардардык келишимдин ажырагыс бөлүгү болуп саналат.

**1.3.** Учурдагы жана потенциалдуу Кардарлар Компанияга соода эсебин ачуу үчүн арыз бергенден жана Компания менен соода жүргүзүүнү баштоодон мурун бул документте камтылган тобокелдиктер тууралуу билдирүүнү жана мүмкүн боло турчу тобокелдиктер тууралуу эскертүүнү кылдат окуп чыгуулары керек. Анткени менен, бул документ Каржы куралдары менен иштөө менен байланышкан бардык тобокелдиктерди жана башка олуттуу аспектилерди ачыктабайт жана түшүндүрбөйт. Бул билдирменин максаты Каржы куралдарына байланышкан тобокелдиктердин мүнөзүн адилеттүү жана адаштырбоочу түрдө түшүндүрүү болуп саналат.

**1.4.** Кардар аларды, алар менен байланышкан тобокелдиктерди жана анын бул тобокелдиктерге дуушар болуу даражасын толук түшүнбөсө, соода операцияларын АТКАРБАШЫ КЕРЕК. Эгер Кардар төмөндө сүрөттөлгөн эскертүүлөрдүн маанисин билбей жатса, кандайдыр бир инвестициялык чечимди кабыл алуудан мурун көз карандысыз юридикалык же финансылык кеңеш алуу үчүн кайрылышы керек.

**1.5.** Компаниянын документтеринде же Веб-сайтарында/ уюлдук колдонмолорунда көрсөтүлгөн маалымат кеңеш катары каралбашы керек.

**1.6.** Тобокелдиктерди ачыкка чыгаруу боюнча бул эскертүү Кардардын финансылык рыноктордо соода кылуусуна бөгөт коюу максатында эмес, тескерисинче Кардарга соода менен байланышкан тобокелдиктерди баалоого жана Компания менен түзүлгөн Кардар келишиминин алкагында бизнес стратегиясынын түрүн жоопкерчиликтүү тандоого жардам берүү үчүн арналган.

## 2. CFD МЕНЕН БАЙЛАНЫШКАН ТОБОКЕЛДИКТЕР

**2.1.** Айырмачылык Келишимдеринин (CFDs) айырмалоочу өзгөчөлүгү левериджди колдонуу болуп саналат. Леверидж CFDге инвестиция кылууну базалык активге түздөн-түз инвестиция кылуудан кооптуураак кылат. Бул тобокелдик CFD карата колдонулуучу маржа системасынын натыйжасы болуп саналат, ал адатта сооданын көлөмүнө карата анча чоң эмес депозитти талап кылат, андыктан базалык активде баанын салыштырмалуу аз кыймылы Кардардын бүткүл соодасына чоң таасирин тийгизиши мүмкүн. Кардардын пайдасына чоң эмес баанын кыймылы депозитке чоң кирешени камсыз кыла алат. Бирок баанын терс тарапка бир аз өзгөрүшү тез эле олуттуу жоготууларга алып келиши мүмкүн.

**2.2.** Бир катар Каржы куралдары баанын бир күн ичинде олуттуу өзгөрүү диапазонуна ээ, бул операциялар боюнча киреше же чыгым алуу ыктымалдыгын билдирет. Бир соода күнүнөн ашпаган убакытта баалардын 5% же андан ашык өзгөрүшүнө алып келген рыноктук шарттарда жогорку волатилдүүлүк, ликвиддүүлүктүн төмөндүгү жана башка олуттуу өзгөрүүлөр болсо, Компания Кардардын келишимдеринин каржы натыйжасын Компания тарабынан белгиленген каржы куралдын баасы өзгөргөн баштапкы чекиттен 5% ашык болбогон баада беките алат.

**2.3.** Кардар нормалдуу эмес рыноктук шарттарда Ордерлерди аткаруу мөөнөтү узартылышы мүмкүн экенин же Ордерлер айтылган баалар боюнча же такыр аткарылбай калышы мүмкүн экенин билет. Нормалдуу эмес рыноктук шарттарга баалардын бир соодалык сессиянын алкагында ылайыктуу биржанын эрежелерине таянганда, соода токтоп же чектелип кала турууучу даражада кескин өзгөрүүсү, көтөрүлүүсү же түшүүсү кирет. Рыноктун нормалдуу эмес шарттары ликвиддүүлүктүн жетишсиздигин камтыйт жана мындай шарттар соода сессияларынын ачылышында да пайда болушу мүмкүн.

**2.4.** Кардарлардын CFD негизинде жаткан негизги куралдарга же активдерге карата укуктары же милдеттери жок. Кардар CFD ар кандай негизги активдерге, анын ичинде акцияларга, биржа индекстерине жана товарларга ээ болушу мүмкүн экенин түшүнүшү керек. Тактап айтканда, акциялар боюнча CFD менен иштөөдө кардарлар добуш берүү укугун алышпайт.

## 3. ТЕХНИКАЛЫК ТОБОКЕЛДИКТЕР

**3.1.** Кардар маалыматтын, маалыматтык, коммуникациялык, электрдик жана электрондук системалардын бузулуу, оңдоого жатпастык, токтотуу, өчүрүү же жаман ниетте аткарылган аракеттерден келип чыккан финансылык жоготуулардын тобокелдиктери үчүн жоопкерчилик тартат. Эгер Кардар операцияларды электрондук системада жүргүзсө, анда ал бул система менен байланышкан тобокелдиктерге, анын ичинде аппараттык камсыздоонун, программанын, серверлердин, байланыш линияларынын жана/же Интернеттин тобокелдиктерине дуушар болот. Мындай бузулуулардын натыйжасында Кардардын Ордери анын көрсөтмөлөрүнө

ылайык аткарылбашы же такыр аткарылбай калышы мүмкүн. Компания мындай бузуулар үчүн жоопкерчилик тартпайт.

**3.2.** Соода агымы өтө көп болгон учурларда Кардардын телефон же Компаниянын соода платформасы(-лары)/системасы(-лары) аркылуу туташуусунда, өзгөчө тез рыноктордо (мисалы, негизги макроэкономикалык көрсөткүчтөрдү жалпыга жарыялоо) көйгөйлөр жаралышы мүмкүн.

**3.3.** Кардар Интернетте Компаниянын Вебсайтына жана/же Компаниянын соода платформасына(-ларына)/системасына(-ларына) кирүүсүнө таасирин тийгизиши мүмкүн факторлор бар экенин, анын ичинде трафиктин үзгүлтүккө учурашы, программанын жана аппараттык камсыздоонун бузулуулары, Интернеттин өчүшү, коомдук электр тармактарынын бузулуулары же хакердик чабуулдар сыяктуулар болушу мүмкүн экенин кабыл алат. Компания өзүнө көз каранды болбогон окуялардан келип чыккан зыян же жоготуулар үчүн же Кардардын Компаниянын Вебсайтына жана/же Соода платформасына(-ларына)/системасына(-ларына) кире албоосунун натыйжасында келип чыгышы мүмкүн болгон башка жоготуулар, чыгымдар, милдеттенмелер же чыгашалар (анын ичинде, бирок алар менен чектелбестен) үчүн жоопкерчилик тартпайт. Компаниянын шалаакылыгы же алдын ала ниеттелген милдеттенмелерди аткарбоо себептеринен тышкары жаралган Ордерлерди жиберүүдөгү кыйынчылыктар үчүн дагы жоопкерчилик тартпайт.

## 4. БАШКА ТОБОКЕЛДИКТЕР

**4.1.** Кардар форс-мажордук жагдайлардан улам келип чыккан каржы жоготууларынын тобокелдиктерин өзүнө алат, анын ичинде (бирок алар менен чектелбейт):

**4.1.1.** Компаниянын пикири боюнча рыноктордо бир же бир нече соода Куралдарынын туруксуздугуна алып келген массалык баш аламандыктар же жарандык толкундоолор, террористтик актылар, согуштар, табигый кырсыктар, кырсыктар, өрт, суу ташкындары, бороон-чапкындар, урагандар, электр менен камсыздоодо, байланышта, программалык камсыздоодо же электрондук жабдууларда үзгүлтүккө учуратуулар.

**4.1.2.** Кандайдыр бир рынокто же төмөндөгүлөр сыяктуу кандайдыр бир окуяга карата соода кылуу же Операцияларды аткаруу шарттарында чектөөлөрдү же өзгөчө же адаттан тыш шарттарды жараткан иштин токтотулушу, жоюлушу, рыноктун жабылышы же Компаниянын котировкалары үчүн негиз болгон кандайдыр бир окуянын болбошу.

**4.2.** Тобокелдиктери жогору болгон Операцияларды пландаштырууда жана аткарууда Кардар иш жүзүндө пландалгандан (же күтүлгөндөн) иш жүзүндөгү натыйжанын оң жана терс четтөө ыктымалдыктары көп учурда салыштырыла турганын жана өлчөө даражасы Кардардын операцияларынын натыйжалуулугун аныктоочу бир катар конкреттүү жагдайларга жараша ишке ашырылаарын эске алышы керек.

**4.3.** Каржы куралдарын соодалоодо Компания пайда алуу же жоготууларды болтурбоо боюнча кепилдик бербейт. Компания Кардардын Соода эсеби

боюнча келечектеги натыйжаларга кепилдик бере албайт, кандайдыр бир конкреттүү натыйжаны убада кылбайт же башкача түрдө Кардардын инвестициялык чечимдери жана/же стратегиялары ийгиликтүү/кирешелүү болоорун болжолдой албайт. Кардар мындай кепилдиктерди Компаниядан же анын кандайдыр бир өкүлүнөн албайт. Кардар каржы куралдарын соодалоого байланыштуу тобокелдиктерди түшүнөт жана мындай тобокелдиктерди кабыл алууга жана ага байланыштуу ар кандай жоготууларды кабыл алууга финансылык мүмкүнчүлүккө ээ. Кардар жогоруда саналып өткөн тобокелдиктерден тышкары кошумча тобокелдиктер болушу мүмкүн экенин кабыл алат жана макул болот.

**4.4.** Жогоруда айтылгандарды эске алуу менен, Компания Кардарга анын максаттарын жана каржы мүмкүнчүлүктөрүн эске алуу менен каржы рыногунда Операцияларды жүргүзүүгө байланышкан тобокелдиктерди карап чыгууну сунуштайт.